КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (алтынчы чакырылышы) XI сессиясы**

**Токтом № 01-5/64**

Сүлүктү шаары 3-февраль 2026-жыл

**Сүлүктү шаарынын 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, 2026-жылга жергиликтүү бюджети жана 2027-2028–жылдарга болжолун бекитүү жөнүндө.**

Сүлүктү шаарынын 2025-жылга жергиликтүү бюджетинин аткарылышы, 2026-жылга жергиликтүү бюджети жана 2027-2028-жылдарга болжолу боюнча, Кыргыз Республикасынын финансы министрлигинин Сүлүктү финансы башкармалыгынын башчысы А.П. Келдибеков жана депутаттардын шаардык кеңешинин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Сүлүктү шаарынын 2026-жылга жергиликтүү бюджети жана 2027-2028-жылдарга жергиликтүү бюджеттин болжолун (Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 16-майындагы №60 Мыйзамы менен колдонууга киргизилген) Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Сүлүктү шаарынын 2025-жылга каралган жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн аткарылышы 133890,0 миң сом жана чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы 145803,0 миң сом өлчөмүндө аныкталсын жана 1-тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. 2026-жылга Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетине кирешелер боюнча 121696,6 миң сом жана чыгашалар боюнча керектөөсү 121696,6 миң сом жана 2027-2028-жылдарга болжолу 136717,6 жана 153141,6 миң сом өлчөмүндө аныкталсын. Сүлүктү шаарынын 2026-жылга бюджети 2-тиркемеге ылайык бекитилсин.
3. Жыл ичиндеги бюджеттин жетишсиздигин толуктоо жана жергиликтүү каржы булактарын табуу боюнча жогорку органдардан суроо жана Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 10-сентябрындагы №113 "Баткен облусунун статусу" жөнүндөгү мыйзамын тийиштүү беренелерин аткарууга алуу жагы депутаттардын шаардык кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына жана жергиликтүү аткаруу бийлигине жүктөлсүн.
4. Чыгашаларды каржылоо биринчи кезектеги тартипте корголгон беренелерге (эмгек акы, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондуна чегерүүлөр, дары-дармектер, тамактануу, социалдык жөлөкпулдар, өзгөчө кырдаал жана коммуналдык чыгымдарга) жүргүзүлсүн, негизи Кыргыз Республикасынын 2026-2028 жылдарга республикалык бюджети жөнүндөгү мыйзамынын 11-беренеси.
5. Жергиликтүү бюджетке жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөр Кыргыз Республикасынын "Кыргыз Республикасынын 2026-жылга республикалык бюджети жана 2027-2028-жылдарга болжолу жөнүндө" Мыйзамынын 9-беренесинин негизинде жүргүзүлсүн, 2026-жылга чегерүүлөрдүн ченемдери төмөнкүлөрдөн белгиленсин:
   1) жалпы мамлекеттик салыктык түшүүлөрдөн: салык агенти тарабынан төлөнүүчү киреше салыгынан 100 пайыз өлчөмүндө жергиликтүү бюджетке чегерүү ченеми болуп бекитилсин. (тиркеме №3).
   2) Жер казынасын пайдалангандыгы үчүн салыктан (роялти), стратегиялык пайдалуу кендерди: (алтынды, мунайды, газды ) кошпогондо алардын

иштетилген жери боюнча жайгашкан орду, боюнча шаардын тиешелүү жергиликтүү бюджетине – 50 пайыз өлчөмүндө №3 тиркемеге ылайык бекитилсин.

3) Патенттин негизиндеги салыктан түшүүлөр, шаарлар менен айылдардын жергиликтүү бюджеттеринин тескөөсүнө 100 пайыз өлчөмүндө №4 тиркемеге ылайык бекитилсин.

4) Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдүк өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүү-кендерди иштеп чыгуу жери боюнча жергиликтүү бюджетке 20 пайыз өлчөмүндө №4 тиркемеге ылайык бекитилсин.

5) Жер казнасын пайдалануу укугун берүү үчүн жыйым-кендерди иштеп чыгуу боюнча жергиликтүү бюджетке 7 пайыз өлчөмүндө №4 тиркемеге ылайык бекитилсин.

6) Өзгөчө режимдеги соода зоналарындагы ишке салык- шаарлардын айыл аймактарынын жергиликтүү бюджетерине 100 пайыз өлөмүндө №4 тиркемеге ылайык бекитилсин.

6. 2026-жылга Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин ортосунда салыктын ар бир түрү боюнча пландык келип түшүүлөрдөн чегерүүлөрдүн бекитилген ченемдеринин чектеринде ашыра аткаруу болжолдору болгондо жалпы мамлекеттик салыктардын суммаларын бөлүштүрүү бекитилсин. Салык мыйзамында көрсөтүлгөн киреше салыгынын жана башка алынуучу салыктын бекитилген пландык көрсөткүчтөрү ашыра аткарылганда, ашыра аткаруунун суммасы белгиленген тартипте толугу менен жергиликтүү бюджетке чегерилсин.
7. Жергиликтүү салыктык жана салыктык эмес жыйымдардан келип түшкөн жергиликтүү бюджеттердин кирешелери башка денгээлдеги бюджеттерге (республикалык бюджетке) алынууга жатпайт.
8. Бюджеттик мекемелерге казына тутумун четтеп өтүү менен атайын каражаттарды пайдаланууга тыюу салынсын. Көрсөтүлгөн тартип бузулганда атайын каражаттын 100 пайызы Республикалык бюджеттин кирешесине алынат.
9. 2026-жылга Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетинин чыгымдарын каржылоо анын киреше бөлүгүнүн аткарылышына жараша жана 2025-жылдан калган эркин калдыктан жүргүзүлө тургандыгы белгиленсин.
10. Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2025-жылдан калган, эркин бош акча каражаттарын 2026-жылдын бюджетинин эсебинде жана чегинде, Сүлүктү шаардык мэриясынын буйрутмасынын негизинде каржылансын.
11. Сүлүктү шаардык мэриясынын резервдик фонду 1 пайыз өлчөмүнөн аз эмес жана 2 пайыздан ашпаган өлчөмдө белгиленсин, 2026-жылга резервдик фондунун суммасы 1500,0 миң. сом өлчөмүндө бекитилсин жана Кыргыз Республикасынын бюджеттик кодексинин 24-беренесине ылайык каржылансын.
12. Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетинин 2026-жылда жүргүзүлүүчү кассалык накталай акчасы 500,0 миң сом өлчөмүндө белгиленсин.
13. Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 24-майындагы №54 “Жарандык коргонуу жөнүндө” Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 28-май №68 “2025-2030-жылдары Кыргыз Республикасынын аймагында өзгөчө кырдаалдардын келип чыгуу тобокелдиктерин азайтуу боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө” Указынын негизинде 2026-жылы өзгөчө кырдаалдан сактануунун жана алардын алдын алуу иштерине каржылоо (өзгөчө кырдаал киргизилген учурда) 570,0 миң сом өлчөмүндө №5 тиркемеге ылайык бекитилсин.
14. Кыргыз Республикасынын 2022-жылдын 1-август №266 мыйзамы, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 28-май № 167 Указы жана №433 министрлер кабинетинин токтому менен бекитилген жобонун негизинде Сүлүктү шаардык мэриясынын жана шаардык кеңештин муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө жүргүзүлсүн штаттык бирдиктери мыйзам чегинде коюлсун.

15. Жергиликтүү бюджеттен каржылануучу, бюджеттик мекеме ишканалардын кызматкерлеринин адистик кесиптерин жогорулатууга сапарга болгон чыгымдары Кыргыз Республикасынын министрлер кабинетинин 4-декабрь 2025-жылдагы №778 токтомунун негизинде төлөө жагы каралсын.
16. Бюджеттик мекеме ишканалардын 1-январь 2026-жылга болгон кредитордук карыздары жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн пландан ашыкча түшкөн акча каражаттарынын жана республикалык бюджеттен каржылануучу трансферттердин эсебинен төлөө жагы каралсын.
17. Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүндө болгон дебитордук карыздары жана 2026-жылга жергиликтүү бюджетке түшүүчү киреше бөлүгү, штаттык бирдиктери, негизги сметасынын чыгаша бөлүгү №6, №7, №8 тиркемелердин негизинде бекитилсин.
18. 2026-жылга Сүлүктү шаардык "Сүлүктү Тазалык" муниципалдык ишканасына жана шаардын эс алуу багына, шаар аймагын тазалоочу, бакчы, электрик, грейдер айдоочу, куруучу-оңдоп түзөөчү, сантехник, айдоочу жана жүктөөчү үчүн 26 штаттык бирдик каралсын жана №9 тиркеменин негизинде бекитилсин.
19. 2026-жылга Сүлүктү шаардык "Сүлүктү Тазалык" муниципалдык ишканасына, шаарга кызмат көрсөтүүгө 2511-беренесине 7116,9 миң сом №10 тиркеменин негизинде бекитилсин.
20. 2026-жылга Сүлүктү шаардык "Шахтер жолу" газетасынын атайын эсебинин киреше бөлүгүнүн тартыштыгына байланыштуу 3 (үч) штаттык бирдик жергиликтүү бюджеттин эсебинен (№11 тиркемеге) ылайык бекитилсин.
21. Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы "Сүлүктү-Белесс Резорт" муниципалдык ишканасынын штаттык бирдиги № 12 тиркемеге ылайык бекитилсин.
22. Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы "Сүлүктү Таразы" муниципалдык ишканасынын штаттык бирдиги № 13 тиркемеге ылайык бекитилсин.
23. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 22.11.2024ж №711 токтому менен Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 10.09. 2009-ж. №566 "Шаарлардын мэрияларына караштуу айылдардын аймактык башкармалыктарын түзүү жөнүндө" токтому күчүн жоготкондугуна байланыштуу шаардык кеңештин 04.02. 2010ж. №61 токтому жана токтом менен бекитилген тиркеме №1, №2 күчүн жоготту деп таанылсын .
24. Жергиликтүү мекеме ишканаларга демөөрчүлүк (спонсорский), гуманитардык жардам иретинде берилүүчү акча каражаттары ишкананын атайын эсеби (спец.счет) аркылуу түшүрүү жагы каралсын жана аны көзөмөлдөө жагы мекеме-ишканалардын жетекчилерине жүктөлсүн.
25. Бюджеттик мекеме ишканалардын 2026-жылда колдонулбай калган статьясынан керектүү (зарыл) статьяга жылдыруу 300,0 мин сомго чейин шаардык кеңештин туруктуу комиссиясынын чечиминин негизинде каралсын.
26. Шаардын социалдык тармактарын оңдоп түздөө үчүн түзүлгөн долбоорлорду колдоо максатында республикалык бюджеттен берилүүчү түрткү берүүчү гранттарга 2026 -жылга 15 пайыздан кем эмес эсебинде өздүк салымы жергиликтүү бюджеттен каралсын.
27. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Сүлүктү шаардык кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

Төраганын орун басары: Т.А. Жумагулов

"Бекитемин"
Шаардык кеңештин төрагасынын орун басары
_______________Т.А. Жумагулов
Шаардык кеңештин XI сессиясынын
03. 02. 2026-ж. 01-5/64 токтомуна
*Тиркеме №1*

**Сүлүктү шаарынын жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгүнүн 2025-жылга бекитилген планы жана аткарылышы**

*Мин сом*

| Салыктардын жана салык эмес төлөмдөрдүн аталыштары | | 2025-жылга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн аткарылышы | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Такталган планы | Аткарылышы | Айырмасы (+,-) |
| | **Жалпы киреше жана алынган расмий трансферттер** | **131556,0** | **133890,0** | **2334,0** |
| | **Киреше жана актив, милдеттенмелер (1+3)** | | | |
| **1** | **Кирешелер** | **129393,5** | **130576,0** | **1182,5** |
| **11** | **Салыктык кирешелер** | **100059,7** | **104803,2** | **4743,5** |
| 1111100 | Салык агент толоочу киреше салыгы | 87200,0 | 90415,7 | 3215,7 |
| 11111200 | Бирдиктүү салык декларациясы боюнча киреше салыгы | | 1290,7 | 1290,7 |
| 11122100 | Милдеттүү патенттин негизинде салык | | | |
| 111220 | Патенттин негизинде салык | 1710,0 | 1764,6 | 54,6 |
| 11311100 | Кыймылсыз мүлк салыгы (жилое и не жилое) | 154,0 | 157,6 | 3,6 |
| 11311300 | Ишкердик ишин жүргүзүү үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө | 326,7 | 305,0 | -21,0 |
| 11312 | Транспорттук каражаттарга салык | | 109,2 | 109,2 |
| 11321100 | Короо жанындагы жана дачалык жер участокторун пайдалануу жер салыгы | 300,0 | 350,4 | 50,4 |
| 11321200 | Айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгы | | 1,8 | 1,8 |
| 11321300 | Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы | 1759,0 | 1784,5 | 25,5 |
| 1141200 | Сатуудан салык | | | |
| 11442130 | Көмүр | 8610,0 | 8623,7 | 13,7 |
| 11442390 | Жогоруда классификацияланбаган дагы башка металл эместер | | | |
| 11442490 | Дагы башка жер астындагы суулар | | | |
| **13** | **Алынган расмий трансферттер** | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 13321200 | Республикалык бюджеттен өз ара эсептешүүлөр боюнча өткөрүлүп берилүүчү каражаттар | 9218,8 | 9218,8 | 0,0 |
| **14** | **Салыктык эмес кирешелер** | | | |
| 14151100 | Пайдалуу кен чыккан жерлерди же казып алынуучу отунду иштеткендиги үчүн акы | | | |
| 14151200 | Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн акы | 1600,0 | 1631,9 | 31,9 |
| 14152100 | Калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы | 4000,0 | 4527,7 | 527,7 |
| 14152900 | Жаратылыш активдерин пайдалануу үчүн дагы башка толомдор | | 1322,6 | 1322,6 |
| 14211200 | Муниципалдык менчикте турган жайлардын, имараттардын жана курулмалардын ижара акысы | 1000,0 | 1490,4 | 490,4 |
| 14153900 | Дагы башка мүлк ижарасы үчүн акы | | | |
| 14221900 | Дагы башка толомдор жана жыйымдар | 166,0 | 245,1 | 79,1 |
| 14224200 | Таштандыларды ташып чыгаруу үчүн жыйым | 300,0 | 306,6 | 6,6 |
| **1423** | **Акы толоонуучу кызмат корсотуулордон тушуулор -бардыгы** | | | |
| 14231400 | Адистештирилген стационарларда медициналык жардамды көрсөтүү үчүн акы | | | |
| 14232100 | Окуу жайларда билим берүүнү көрсөтүү үчүн акы (ЖОЖ,КТО,ООЖ) | | | |
| 14232400 | Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү акысы | | | |
| 14232800 | Маданият мекемелеринин залдарынын жана имараттарынын ошондой эле жабдууларын жана шаймандарын берүү үчүн акы | | | |
| 14232900 | Квалификацияланбаган билим берүү жанан маданият кызмат көрсөтүүлөр үчүн акы | | | |
| 14234700 | Мамлекеттик каттоо акысы | | | |
| 14236900 | Маалымат берүү жана басып чыгаруу боюнча кызмат көрсөтүү акысы | 900,0 | 467,1 | -432,9 |
| 14237500 | | | | |
| 14238900 | Кызмат көрсөтүүнүн башка квалификацияланбаган түрлөрү үчүн акы | 5370,0 | -279,7 | -5649,7 |
| 143 | Айыптар, санкциялар, конфискациялар | | | |
| 14311100 | Административдик айыптар | | | |
| 14311400 | Контролдук көзөмөл чараларын жүргүзүүдөн түшүүлөр | | | |
| 14511400 | Инфрастуктураны өнүктүрүүгө | 6779,0 | 6792,3 | 13,3 |
| **31** | **Активдер жана милдеттенмелер** | | | |
| 31111110 | Батирлерди сатуу | 1500,0 | 996,7 | -503,3 |
| 31412110 | Айыл чарбасында жараксыз жерлерди сатуу | 662,5 | 2317,3 | 1655,0 |

**Чыгаша бөлүгү**

| Элемент | Көрсөткучтөрдун аталыштары | 2025-жылга жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн аткарылышы | | |
|---|---|---|---|---|
| | | Такталган планы | Аткарылышы | Айырмасы (+,-) |
| 701 | **Мамлекеттик кызмат корсотуу** | **46161,1** | **43810,6** | **2350,5** |
| 702 | **Коргоо** | **500,0** | **4,4** | **495,6** |
| 706 | **Турак жай** | **117273,5** | **93990,0** | **23283,5** |
| 708 | **Маданият жана спорт** | **4404,6** | **3033,1** | **1371,5** |
| 709 | **Билим берүү** | | | |
| 710 | **Социалдык жактан коргоо** | **5596,0** | **4964,9** | **631,1** |
| | **Жалпысы:** | **173935,2** | **145803,0** | **28132,2** |

*Тиркеме №2*

Сүлүктү шаарынын 2026-жылга жергиликтүү бюджетинин долбоору жана 2027-2028 жылдарга болжолу

**Киреше бөлүгү**

***Мин сом***

| Элемент | Кирешенин аталышы | 2026 – жыл | | | болжол | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2026-ж. ЖӨБ долбоор | 2026-ж. КРФМ.Конт. сумма | Айырма (+,-) | 2027-ж | 2028-ж |
| | Жалпы киреше жана алынган расмий трансферттер | **121696,6** | **121696,6** | **0,0** | **136717,6** | **153141,6** |
| | Киреше жана актив, милдеттенмелер (1+3) | | | | | |
| 1 | Кирешелер | **119434,1** | **119434,1** | **0,0** | **134455,1** | **150879,1** |
| 1.1 | Салыктык кирешелер | **103743,1** | **103743,1** | **0,0** | **118764,1** | **135188,1** |
| 11111100 | Салык агенти төлөнүүчү киреше салыгы | 94472,0 | 94472,0 | **0,0** | 109493,0 | 125917,0 |
| 11121100 | Чакан ишкердик субьектери үчүн бирдиктүү салык | | | | | |
| 11122100 | патенттин негизинде салык | 1705,2 | 1705,2 | **0,0** | 1705,2 | 1705,2 |
| 11122200 | Ыктыярдуу патенттин негизинде салык | | | | | |
| 11311200 | Кыймылсыз мүлккө салык | 357,5 | 357,5 | **0,0** | 357,5 | 357,5 |
| 11311300 | 3-топтогу ишкерлик иши үчүн пайдаланылган кыймылсыз мүлккө салык | | | | | |
| 11311 | Транспорттук каражаттарга салык | | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 11321 100 | Жер салыгы | 1802,2 | 1802,2 | 0,0 | 1802, 2 | 1802, 2 |
| 11321 200 | Айыл чарба жерлерин пайдалануу үчүн жер салыгы | | | | | |
| 11321 300 | Калктуу конуштардын жерлерине жана айыл чарба багытында болбогон жерлерди пайдалануу үчүн жер салыгы | | | | | |
| | | | | | | |
| 11412 100 | Сатуудан салык | | | | | |
| | | | | | | |
| 11462 130 | Көмүр | 5406,6 | 5406,6 | 0,0 | 5406, 6 | 5406, 6 |
| 13 | Алынган расмий трансферттер | | | | | |
| 114424 90 | Дагы башка жер астындагы суулар | | | | | |
| 14 | Салыктык эмес кирешелер | | | | | |
| 141512 00 | Жер казынасын пайдалануу укугуна лицензияны кармоо үчүн акы | 3640,0 | 3640,0 | 0,0 | 3640, 0 | 3640, 0 |
| 14152 100 | Калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы | 2700,0 | 2700,0 | 0,0 | 2700, 0 | 2700, 0 |
| 142112 00 | Муниципалдык менчикте турган жайлардын,имараттардын жана курулмалардын ижара акысы | 2800,0 | 2800,0 | 0,0 | 2800, 0 | 2800, 0 |
| 142219 00 | Дагы башка төлөмдөр жана жыйымдар | 166,0 | 166,0 | 0,0 | 166,0 | 166,0 |
| 142242 00 | Таштандыларды ташып чыгаруу үчүн жыйым | 285,0 | 285,0 | 0,0 | 285,0 | 285,0 |
| 1423 | Акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшүүлөр | | | | | |
| 14232 400 | Мектепке чейинки жана мектеп мекемелерине кошумча кызмат көрсөтүү акысы | | | | | |
| 14232 800 | Маданият мекемелериндеги имараттарды, жабдууларды, шаймандарды берүү үчүн акы | | | | | |
| 142369 00 | Газеталарга жазылуу жана сатуу, жарнак жарыялоо акысы | 900,0 | 900,0 | 0,0 | 900,0 | 900,0 |
| 142389 00 | Кызмат көрсөтүүнүн башка классификацияланбаган түрлөрү үчүн акы | | | | | |
| 145114 00 | Жергиликтүү маанидеги инфраструктураны өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүүлөр | 5200,0 | 5200,0 | 0,0 | 5200, 0 | 5200, 0 |
| 31 | Активдер жана милдеттенмелер | | | | | |
| 311111 10 | Башка турак-жай имараттарын жана имарат жайларын сатуу | 1600,0 | 1600,0 | 0,0 | 1600, 0 | 1600, 0 |
| 314121 10 | Айыл чарбасында жараксыз жерлерди сатуу | 662,5 | 662,5 | 0,0 | 662,5 | 662,5 |

**Чыгаша бөлүгү 2026ж.**

| Элемент | Көрсөткүчтөрдүн аталыштары | 2026-жыл | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | 2026-ж долбоор | Контр. сумма КРФМ. | Айырма (+,-) | | |
| 701 | **Мамлекеттик кызмат көрсөтүү** | **40412,3** | **40412,3** | **0** | | |
| 702 | **Коргоо** | **570,0** | **570,0** | **0** | | |
| 706 | **Турак жай** | **75980,4** | **75980,4** | **0** | | |
| 708 | **Дене тарбия спорт** | **1635,0** | **1635,0** | **0** | | |
| 708 | **Редакция шахтер жолу** | **2098,9** | **2098,9** | **0** | | |
| 710 | **Социалдык жактан коргоо** | **1000,0** | **1000,0** | **0** | | |
| | **Жалпысы:** | **121696,6** | **121696,6** | **0** | | |

*№3 тиркеме*

2026- жылга жалпы мамлекеттик салыктык түшүүлөрдөн
чегерүүлөрдун ченемдери (пайыз менен)

| Кат. № | Кирешелердин аталышы | Өлчөө бирдиги | Пайыз % |
|---|---|---|---|
| 1 | Салык агенти тарабынан түшүүчү киреше салыгынан жергиликтүү бюджетке | % | 100 |
| 2 | Жер казнасын пайдалануу үчүн салык (роялти) жергиликтүү бюджетке | % | 50 |
| | | | |

*№ 4 тиркеме*

2026- жылга жергиликтүү бюджеттерге пландуу түшүүлөрдүн
чегерүү ченемдери (пайыз менен)

| Кат. № | Кирешелердин аталышы | Өлчөө бирдиги | пайыз |
|---|---|---|---|
| 1 | Патенттин негизиндеги салыктан | % | 100 |
| 2 | Өзгөчө режимдеги соода зоналарындагы ишке салык жергиликтүү бюджетке | % | 100 |
| 3 | 1)Кендерди иштеп чыгуу боюнча жергиликтүү бюджетке<br>2) Жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүгө жана күтүүгө чегерүү | %<br>% | 7<br>20 |

*№5 тиркеме*

2026- жылга Сүлүктү шаарында өзгөчө кырдаалдан сактоонунун жана алардын алдын алуу иштерине каржылоого жумшалуучу чыгымдардын эсеби. Кыргыз Республикасынын 2018-жылдын 24-майындагы №54 Мыйзамы жана №68 КР Празидентинин Указынын негизинде.

*Мин сом*

| Кат. № | Бардык чыгымдар | анын ичинен: | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Автоунааны жалдоо | Бир жыл ичинде кырсыктан сактануу иштерине | Атайын өткөрүлүүчү окууларга | Башка тейлөө чыгымдарга | Эскертүү |
| | **570,0** | **150,0** | **270,0** | **150,0** | **100,0** | |

*тиркеме №6*

Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн 2026 жылга кирешелери

| Катар номери | Кирешенин аталышы | Өлчөө бирдиги | Суммасы | Эскертуу |
|---|---|---|---|---|
| | **Бардык кирешелер**:<br>Анын ичинен: | миң. сом | **10500,0** | |
| 1 | Калктуу конуштарда жер ижарасы үчүн акы жана Мун.менчикте турган жайлардын,имататтардын, курулмалардын ижара акысы | миң. сом | 5000,0<br>1500,0 | |
| 2 | Дагы башка төлөмдөр жана жыйымдар | миң. сом | | |
| 3 | Башка турак жай иматтарын жана имарат жайларын сатуу | миң. сом | 3000,0 | |
| 4 | Айыл чарбасына жараксыз жерлерди сатуу | миң. сом | 1000,0 | |

*Тиркеме №7*

Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн келишимдин негизинде 2026- жылга штаттык саны.

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Кароолчу УКЖД | 1 | |
| 2 | Кароолчу (эс алуу лагери) | 2 | |
| 3 | Айдоочу | 2 | |
| 4 | Бакчы | 1 | |
| 5 | Кароолчу (Мэрия) | 2 | |
| 6 | Техничка (Шаардык кенеш) | 1 | |
| | **Жалпы:** | **9** | |

Сүлүктү шаардык мэриянын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн 2026-жылга типтүү түзүмү жана штаттык саны.

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Башчы | 1 | |
| 2 | Башкы адис (юрист-1) | 2 | |
| 3 | Жетектөөчү адис | 3 | |
| 4 | Башкы адис (башкы эсепчи) | 1 | |
| 5 | Мат-дык. Эсепчи | 1 | |
| 6 | Эсепчи | 1 | |
| 7 | Техничка | 1 | |
| 9 | Үй башкармачысы | 2 | |
| | **Жалпы:** | **12** | |
| | **Жалпысы:** | **21** | |

*тиркеме №8*

Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик бөлүмүнүн негизги каражаттарынын 2026-жылга сметасы.

| Катар номери | Чыгашанын аталышы | Статья | Суммасы |
|---|---|---|---|
| | **Чыгашалар, анын ичинен:** | | |
| 1. | Эмгек акы | 2111 | 6500,0 |
| 2. | Соц.фондко төгүмдөр | 2121 | 990,0 |
| 3. | Сапардык чыгымдар | 2211 | 150,0 |
| 4 | Байланыш м/н тейлөө кызматы | 2212 | 25,0 |
| 5 | Ижара акысы | 2213 | - |
| 6 | Унаа м/н тейлөө кызматы | 2214 | 90,0 |
| 7 | Дагы башка кызмат көрсөтүү | 2215 | 5713,3 |
| 8 | Мүлктү учурдагы ондоого | 2221 | 500,0 |
| 9 | Учурдагы чарбалык максаттар учун, чарбаклык буюмдарды алууга | 2222 | 100,0 |
| 10 | Башка курулмаларды алуу | 3111 | 37243,0 |
| 11 | Машиналар ж\а жабдуулар | 3112 | 10900,0 |
| 12 | Башка негизги фондор | 3113 | - |
| **Жалпы:** | | | **62211,3** |

*Тиркеме №9*

Сүлүктү шаардык "Сүлүктү Тазалык" муниципалдык ишканасынын
2026-жылга шаардын аймагын тазалоо үчүн штаттык бирдиктери.

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Аймактарды тазалагыч | 8 | |
| 2 | Бакчы | 1 | |
| 3 | Электрик | 1 | |
| 4 | Жүктөөчү | 3 | |
| 5 | Грейдер айдоочу | 1 | |
| 6 | Куруучу | 1 | |
| 7 | Ондоп-түзөөчү | 2 | |
| 8 | Айдоочу | 1 | |
| 9 | Сантехник | 1 | |
| | **Жалпы:** | **19** | |

Сүлүктү шаардык "Сүлүктү Тазалык" муниципалдык ишканасынын алдындагы шаардын
"эс алуу багы"
2026-жылга штаттык бирдиктери.

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Эс алуу багынын башчысы | 1 | |
| 2 | Кароолчу | 2 | |
| 3 | Тазалоочу | 2 | |
| 4 | Көмөкчү жумушчу | 1 | |
| 5 | Багбан | 1 | |
| | **Жалпы:** | **7** | |

*Тиркеме №10*

Сүлүктү шаардык "Сүлүктү Тазалык" муниципалдык ишканасына, шаарга кызмат көрсөтүүгө
2026-жылга каражат (субсидия) бөлүү.

| Катар номери | Чыгашанын аталышы | Статья | Суммасы |
|---|---|---|---|
| | **Чыгашалар, анын ичинен:** | | |
| 1 | Субсидия | 2511 | 7116,9 |
| **Жалпы:** | | | 7116,9 |

*Тиркеме №11*

Сүлүктү шаардык "Шахтёр жолу" газетасынын
2026-жылга типтүү түзүмү жана штаттык бирдиги.

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Редактор | 1 | |
| 2 | Жооптуу катчы | 1 | |
| 3 | Эсепчи | 1 | |
| | Жалпы: | 3 | |

*Тиркеме № 12*

Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы “Сүлүктү-Белес Резорт” муниципалдык ишканасынын 2026-жылга штаттык бирдиги.

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Башчы | 1 | |
| 2 | Эсепчи | 0,5 | |
| | | | |
| | **Жалпы:** | **1,5** | |

*Тиркеме № 13*

Сүлүктү шаардык мэриясынын алдындагы “Сүлүктү Таразы” муниципалдык ишканасынын 2026-жылга штаттык бирдиги.

| Катар номери | Кызматтын аталышы | Штаттын саны | Эскертүү |
|---|---|---|---|
| 1 | Башчы | 1 | |
| 2 | Таразычы | 3 | |
| 3 | Эсепчи | 0,5 | |
| | **Жалпы:** | **4,5** | |

Шаардык кеңештин жооптуу катчысы М.Джураева